КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ,
ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
БМУ
BISHKEK STATE UNIVERSITY

МААЛЫМАТ КАТЫ

Урматтуу кесиптештер!

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жана Академик Кусеин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети сиздерди Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына арналган **«Автономиядан эгемендүү мамлекетке чейин: тарыхый мурас жана кылым сабактары»** аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияга **2026-жылдын 13-ноябрында** катышууга чакырат. Конференция Академик Кусеин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин базасында өтөт.

Конференциянын максаты — Евразия жана дүйнөлүк тарыхтын контекстинде акыркы кылымда (1926–2026-жж.) кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу, өнүгүү жана эволюция процесстерин илимий жактан баамдоо, ошондой эле ушул мезгилдеги тарыхый, саясий-укуктук, социалдык-экономикалык жана маданий процесстерди кароо болуп саналат.

Конференцияда талкуулана турган негизги темалар:

Кыргыз АССРинин (1926-ж.) жана Кыргыз ССРинин (1936-ж.) түзүлүшү:

- тарыхый өбөлгөлөрү, укуктук негиздери жана аймактык калыптанышы;
- саясий элита жана мамлекеттик башкаруу, бийлик институттарынын калыптанышындагы мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмерлердин ролу;
- социалдык-экономикалык трансформация жана индустриализация;
- илимдин, билим берүүнүн, маданияттын, адабияттын жана искусствонун өнүгүшү, улуттук интеллигенциянын калыптанышы;
- тарыхый эс тутум жана кылым сабактары, азыркы илимдин контекстиндеги мамлекеттүүлүк тажрыйбасы;
- тарыхый-маданий мурастарды сактоо, архив иши жана жаңы тарыхый булактарды илимий жүгүртүүгө киргизүү маселелери.

Конференцияга катышууга тарыхчылар жана башка илимий багыттардын адистери, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жана илимий-изилдөө институттарынын илимий кызматкерлери, жогорку окуу жайлардын профессордук-окутуучулук курамы, архив мекемелеринин жана музейлердин өкүлдөрү, жаш окумуштуулар, докторанттар жана аспиранттар, ата мекендик жана чет элдик изилдөөчүлөр менен эксперттер чакырылат.

Конференциянын жумушчу тилдери: кыргыз, орус, англис.

Катышуу форматы: гибриддик (оффлайн жана онлайн).

Конференциянын алкагында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүнүн негизги этаптарына арналган **«Мамлекеттүүлүктүн баскычтары: Кыргыз**

Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынан эгемендүү Кыргызстанга чейин» аттуу тематикалык көргөзмөнү уюштуруу пландалууда. Көргөзмөгө Кыргызстандын XX–XXI кылымдардагы саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн чагылдырган архивдик документтер, карталар, фотоматериалдар, кол жазмалар, сейрек басылмалар жана башка материалдар коюлат. Ошондой эле санариптик архивдик материалдарды жана QR-коддорду колдонуу менен интерактивдүү зонаны түзүү каралган.

Конференциянын катышуучуларынын илимий макалалары «БМУнун жаңылыктары» («Известия БГУ») журналына жарыяланат. Макалалардын тексттерин конференциянын жумушчу тобуна **2026-жылдын 1-ноябрына чейин жөнөтүү зарыл.**

Макалаларга коюлуучу талаптар:

1. макала электрондук түрдө Times New Roman шрифти №12 менен, сап аралык интервал – 1,5, абзацтык чегинүү – 1,25 өлчөмүндө даярдалат.
2. талаалар: сол, оң, үстү, асты – 2 см.
3. иллюстрациялар (сүрөттөр, таблицалар, графиктер, диаграммалар ж.б.) автордук электрондук папкага өзүнчө файл катары кошумча тиркелет. Бардык сүрөттөр ак-кара түстө жарыяланат.
4. сол жак өйдөңкү бурчунда УДК номери көрсөтүлөт.
5. оң жак өйдөңкү бурчунда автордун фамилиясы жана инициалдары берилет.
6. ортодо макаланын аталышы үч тилде (кезеги менен): кыргыз, орус, англис тилдеринде (макаланын аталышы баш тамгалар менен, жоон шрифтте, ортого түздөлүп жазылышы керек) жазылат. Макала кайсы тилде жазылса, аталышы биринчи ошол тилде жазылат.
7. аннотация Times New Roman 12 шрифти менен, 1 интервал аркылуу жазылат, «Аннотация» деген сөз – жоон шрифт менен, аннотациянын тексти – жөнөкөй шрифт менен берилет. Муундарга бөлүүгө жол берилбейт. Макаланын тиешелүү тилдеги аталышынан кийин жайгаштырылат. Аннотация кем дегенде 100-110 сөздөн туруп, 3 тилде жазылат: кыргыз, орус, англис.
8. түйүндүү сөздөр кем дегенде 10 сөздөн же сөз айкашынан турушу керек. «Түйүндүү сөздөр» («Ключевые слова») деген сөздөр жоон шрифт менен, ал эми түйүндүү сөздөрдүн өздөрү жөнөкөй шрифт менен жазылат. Тиешелүү тилдеги аннотациянын текстинен кийин дароо жайгаштырылат. Муундарга бөлүүгө жол берилбейт. Сөздөр үтүр аркылуу саналат.
9. макалада колдонулган адабияттардын тизмеси болушу керек: кем дегенде 5 жана 15тен көп эмес булак. Адабияттардын тизмеси макаланын текстинен кийин жайгаштырылат жана тексте эскертилген же цитата келтирилген тартипте жолжоболоштурулат (алфавиттик тартипте эмес!).
10. шилтемелер [5, 67-б.] түрүндө болушу керек, б.а. адабияттар тизмесиндеги булактын номери жана ошол булактагы беттин номери көрсөтүлөт.
11. колжазманын жалпы көлөмү, адабияттарды, таблицаларды жана иллюстрацияларды кошкондо – 6дан 12 бетке чейин.
12. ар бир макала Антиплагиат тутуму аркылуу текшерүүдөн өтөт, уникалдуулугу кем дегенде 75% түзүшү керек.

Цитата келтирилген адабияттар макаланын аягында цитата келтирилген тартипте берилет. Редакция макалаларды кыскартуу жана редакциялоо укугун өзүнө калтырат.

Редакцияга макаланы жана рецензенттин колу коюлган, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн макалага рецензияны жөнөтүү зарыл. Уюштуруу комитети келип түшкөн материалдарды тандоо, талдоо жана кабыл алуу укугун өзүнө калтырат.

Бардык суроолор боюнча кайрылуу үчүн:

Дронов Евгений Олегович, уюлдук тел.: +996 555 521 137;
Акматбек кызы Мунара, уюлдук тел.: +996 709 022 893;
электрондук почта: conf100kir-assr@bhu.kg.